**МАМЛЕКТТИК ТИЛ**

**ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЯЗЫК**

**OFFICIAL LANGUAGE**

***Мусаева Венера Инаятовна,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Гапарова Айжамал Эргешовна,***
***аспирант,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Сарыгулова Ширин Асанбековна,***
***аспирант,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮН ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Мусаева Венера Инаятовна,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Гапарова Айжамал Эргешовна,***
***аспирант,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Сарыгулова Ширин Асанбековна,***
***аспирант,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ОБЩИЕ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ ЧАСТЕЙ РЕЧИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

***Musaeva Venera Inayatovna,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Gaparova Aizhamal Ergeshovna,***
***Graduate Student,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Sarygulova Shirin Asanbekovna,***
***Graduate Student,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# GENERAL PROBLEMS OF TEACHING PARTS OF SPEECH IN PRIMARY SCHOOL

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада теманын тегерегиндеги айрым бир изилдөөлөргө, предметтик стандартка, окуу программасына талдоолор жүргүзүлдү. Бүгүнкү талаптарга ылайык башталгыч мектепте окутуунун сапаттык деңгээлин жогорулатуу менен функционалдык сабаттуулукка жетишүүнүн жол-жоболору айтылды. Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн практикага багыттап окутуу, анын натыйжалуулугун арттыруу жаатындагы жаңычыл ой-пикир, сунуштар чагылдырылды. Ошону менен бирге эле, заманбап инновациялык технологиялар, окутуунун ыкма, каражаттары, стратегиялары сунушталды. Окуу программасындагы тематикалардын системасы келтирилди.*

***Аннотация:*** *В данной научной статье были проанализированы некоторые исследования по теме предметного стандарта и учебного плана. В соответствии с требованиями сегодняшнего дня были упомянуты процедуры достижения функциональной грамотности путем повышения уровня качества обучения в начальной школе. Были отражены новаторские идеи и предложения в области практико-ориентированного обучения фразам кыргызского языка, повышения его эффективности. При этом были предложены современные инновационные технологии, методы, средства и стратегии обучения. Представлена система предметов в образовательной программе.*

***Annotation:*** *This scientific article analyzed some studies on the topic of subject standard and curriculum. In accordance with today's requirements, procedures for achieving functional literacy by improving the quality of education in primary school were mentioned. Innovative ideas and proposals in the field of practice-oriented teaching of Kyrgyz phrases, increasing its effectiveness were reflected. At the same time, modern innovative technologies, methods, means and strategies of teaching were proposed. The system of subjects in the educational program is presented.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *башталгыч мектеп, кыргыз тилинин сөз түркүмдөрү, функционалдык сабаттуулук, инновациялык технология.*

***Ключевые слова:*** *начальная школа, кыргызская лексика, функциональная грамотность, инновационные технологии.*

***Key words:*** *primary school, Kyrgyz vocabulary, functional literacy, innovative technologies.*

**Киришүү.** Азыркы биздин эгемендүүлүгүбүздүн алкагында илим-билим жаатында, анын ичинде, кенже класстарда эне тилинен билим берүүнүн өнүгүп жаткандыгына алгачкы агартуучулар опол тоодой салым кошкондугуна мына быйылкы 2024-жылдын 31-августундагы Кара кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдык маарекесинде адилет баа берилип, алар менен сыймыктанып отурабыз. «Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуу маселеси 1920-жылдары түптөлүп, ошол жылдары тунгуч агартуучулар тарабынан илимий тилде окуу куралдары чыгарылып,

окутула баштаган» [1, 12-б.]. Эгерде, албетте, ошол 1920-1930-1940-жылдардагы кыргыздын тунгуч интелегенциясынын башталгыч мектепке арналган окуу куралдары саясий шарттарга байланыштуу жок болуп кетпегенде, бүгүнкү күндөгү эне тилин окутуунун деңгээли абдан жогорку даражада болот беле деген ой өзүнөн өзү туулат. Ар бир инсандын өз эне тилинде эркин сүйлөп, сабаттуу жаза алуусу эне тилинин грамматикалык тил каражаттарын оозеки, жазуу кебинде орду менен туура колдонуу аркылуу жогорку кеп ишмердүүлүгүнө ээ болуусунун пайдубалы башталгыч мектепте түзүлөөрү анык. Ушундан улам, эне тилинин сөз түркүмдөрүн окутуунун сапаттык деңгээлин жакшыртуу менен башталгыч класстан окуучуларынын кеп ишмердүүлүгүн туура жолго коюу педагогдордун эң башкы түйшүктүү иштеринен болуп саналаары анык деп эсептейбиз.

**Изилдөөнүн максаты.** Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда сөз түркүмдөрүн эне тилинин лексика-грамматикалык тил каражаттары катары окутуп-үйрөтүүнүн эң башкы жалпы маселесинин бири катары окуучулардын жалпы грамматикалык сабаттуулугун арттыруу болуп саналат.

**Изилдөөнүн методу.** Кенже класстарда эне тилинин лексика-грамматикалык тил каражаттарын окутуп-үйрөтүү, билим, ыкма, билгичтиктерин калыптандыруу багытындагы илимий-теориялык, методикалык жана педагогикалык адабий булактарды иликтөө, изилдөө, табуу, аларды баалоо жана талдоодон өткөрүү

**Негизги мазмуну.** Кенже класстарда эне тилинин лексика-грамматикалык тил каражаттарын окутуу багытында азыркы мезгилге чейин да бир катар илимий эмгектер иштелип чыккан. Мисалга алсак, С. Турусбековдун «Кыргыз башталгыч класстарында түшүндүрүп окутуунун методикасы – 1962-жыл; К. Сартбаевдин «Кыргыз башталгыч класстарында морфологиянын элементтерин үйрөнүүдө окуучулардын сөзүн өстүрүүнүн методикасы» – 1965-жыл; А. Мураталиеванын «Кыргыз башталгыч класстарында этишти окутуунун методикасы» – 1971-жыл; Б. Рысбекованын «Кыргыз башталгыч класстарында зат атоочту окутуунун методикасы» – 1975-жыл. Кийинчерээк, Б.С. Чокошева тарабынан «Башталгыч класстарда сын атоочту окутуунун методикасы» аттуу кандидаттык диссертация да корголгон. Ошону менен бирге эле, бир катар илимий эмгектер жарык көргөн. Аларга мисалы: «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы» [2], «Азыркы кыргыз тили» [3], «Кыргыз башталгыч класстарында этишти окутуунун методикасы» [4], «Башталгыч класстарда сын атооч сөз түркүмүн окутуунун методикасы» [5] аттуу илимий-методикалык эмгектерди кошууга болот. Бирок, ошентсе да, бул багытта алдыда дагы илимий изилдөө иштерин аткаруу милдеттери турат деп эсептейбиз.

Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрү боюнча билимдин пайдубалы, негизги, өзөгү, баштапкы базасы башталгыч класстарда калыптанып, түптөлгөндөн кийин гана андан ары ортоңку класстарда улантылып кетмекчи. Ушул себептен улам, биз башталгыч мектептердин окуу-нормативдик документтерин барактап, аларды талдоого алдык. Мисалга алсак, башталгыч мектептерде кыргыз тилин окутуунун предметтик стандартында айтылгандай «2-мазмундук тилке (линия) «Тил системасынын элементтери» деп аталып, мазмундук тилке тил системасынын элементтери менен тааныштырат жана тил илиминин фонетика, орфография, лексика, морфология, орфография, элементардык синтаксис жана пунктуация бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүн камтыйт. Мазмундук тилке мектеп окуучуларында тилди таанып-билүүнүн жана баарлашуунун куралы катары колдонуунун баштапкы көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган» [6, 26-б.]. Ошону менен бирге эле, учурда ар бир предмет, анын ичинде кыргыз тили предмети боюнча да мектеп окуучуларынын, айрыкча, башталгыч класстын окуучуларынын тигил же бул окуу материалы боюнча функционалдык сабаттуулугун калыптандыруу тууралуу түшүнүк барган сайын кеңири орун алууда.

Башталгыч мектепте кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн окутуунун заманбап маселеле-

ринин эң башкысы катары бул – ар бир окуучуда жалпы функционалдык сабаттуулуктун калыптануусу болуп саналмакчы. Тактап айтканда, сөз түркүмдөрүн окутууда «грамматика грамматика үчүн» принцибинде же курулай, механикалык түрдө эрежени жаттатуу эмес, тескерисинче, бала аны турмушунда оозеки, жазуу кебинде так, сабаттуу колдоно билгидей деңгээлге, теориядан практикага карай басым жасоо зарыл деп эсептейбиз. Функционалдык сабаттуулук тууралуу түшүнүк билим берүүдө 1960-жылдары пайда болуп, чыныгы турмуштук зарыл маселелерди чечүү үчүн окуу жана жазуу көндүмдөрүнүн жыйындысын туюндурган. Ар бир адамда функционалдык сабаттуулук болуусу зарыл, албетте. Эгерде, эрте жашынан бул сабаттуулукка ээ болбой калса, анда, кийин өтө эле кеч болуп калаарын турмуш далилдеп жатат. Бул тууралуу сөз кылганда биринчи кезекте эрте жашынан баштап, бала китеп менен дос болуусу, ар кыл, түрдүү маалыматтарды талдап, салыштырып, текшерип, аныктап-тактап, жалпылап, керек болсо, далилдеп алар менен так, туура иштей билүүсү, аларды өз турмуштук тажрыйбасында колдоно алуусу бул – баланын кийинки келечеги үчүн абдан маанилүү. Мына ушул иш-аракеттер башталгыч класстын мектеп партасынан башталганда, ошондо гана, кандайдыр бир деңгээлде өз натыйжасына жетип, майнап чыкмакчы. Демек, мектеп партасында ар бир балага эрте жашынан баштап, билим, ыкма, билгичтиктер менен бирге эле көндүмдөрдү да болгондо да, турмуштук-практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу ар бир окуу предметинин бирден бир милдети болууга тийиш. Жалаң эле кыргыз тили же адабий окуу же адеп сабактарында гана эмес, ар бир предметтин, ар бир чейрегиндеги ар бир теманы окутууда уламдан улам креативдүү практикалык көндүмдөр жыйналып отуруп, акырында бала жетишээрлик даражадагы компетенттүүлүктөргө ээ болуусу абзел. Бир эле теманы же сабакты өтүүдө ишке ашыруу эч мүмкүн эмес. Бул өзүнчө процесс катары системалуу түрдө ишке ашырылганда гана функционалдык сабаттуулукка эгедер кыла алабыз. Бала алган билимин практикада ээн-эркин пайдаланып, анын үзүрүн көрүп, турмушта мүдүрүлүп, жыгылбастан, жаңылбастан, өзүнүн туура жолун таап, ийгиликтерге жетише алгандай шартта, кырдаалда окуу программадан баштап, окуу китеби, окуу-методикалык комплектилери бардык окуу-нормативдик документтер жалаң ушул багыт-максатты гана көздөшү абдан маанилүү. «Кырдаалды баалоо жана алынган билимди практикада колдонуу жөндөмү бир сабакта эле калыптанбайт. Функционалдык сабаттуулукту жогорулатуу процесси бир нече жылдар бою окуу программасына киргизилиши керек. Бул процесс башталгыч мектептин деңгээлинде башталышы керек. Бала окууга эле эмес, ар кандай жолдор менен берилген маалыматты: ар кандай шрифттердеги, материалды жана дизайнды колдонуу аркылуу, таблица же диаграмма түрүндө берилген маалыматты окуй билүүнү жана түшүнүүнү үйрөнүшү керек. Мындан тышкары, ал аны сын көз караш менен карап түшүнүүгө үйрөнүшү керек. Анткени бүгүнкү күндө биз жашап жаткан маалымат агымында жалган менен чындыкты айырмалоо абдан маанилүү» [7, 7-б.]. Демек, кыргыз тилинин грамматикалык тема-материалдарын окутуунун башкы максаты бул – эрте жашынан баштап, балада жашоого карата өз алдынча көз караш, салыштырып талдоону, ар бир окуя, көрүнүштүн тегерегинде адилет, калыс пикир чыгаруусуна багытташыбыз зарыл болуп саналат.

Бул тууралуу педагогика илимдеринин доктору, профессор, дасыккан оратор-лектор, окумуштуу-методист, дидакт Добаев Кыргызбай Дүйшөнбекович төмөнкүдөй сунуш-пикирин билдирген: «Сабак жандуу болушу керек, демек, сабакка жашоодон, окуучулардын тажрыйбасынан, айлана-чөйрөдөгү бардык билимдер топтолгон, дүйнөдөн алынган реалдуу окуялар берилиши керек. Класста жашоодон, чындыктан ажыраган схоластиканы токтотуу керек. Сабакта өзгөчө көндүмдөрдү калыптандырууга басым жасоо керек. Сабактар практикага багытталган болушу керек. Сиз сабакта

насаатчы топ менен окуу материалын түшүндүрүп берсеңиз, сизди эч ким укпайт. Бирок тарбия ишин бала өз алдынча аракеттене тургандай кылып уюштурууга аракет кылыңыз, ал эксперимент жасап, изилдеп, маалыматты классификациялайт. Анан тигил же бул жактан кызыктырган суроолорду сизге берет, сиз аларга жооп бересиз. Диалог процессинде конкреттүү билим калыптанат, алар кийин тажрыйба жана практика менен байланышып, конкреттүү көндүмгө айланат» [8, 218-б.].

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.К. Рысбаев бир нече жылдардан бери карай башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуу жаатында үзүрлүү эмгектенип, Алиппеден баштап, окуу программа, окуу китебинин, окуу-нормативдик документтердин негизги автору катары эсептелинет. С.Рысбаев тарабынан иштелип чыккан «Башталгыч мектептин кыргыз тилинин окуу программасындагы» [9, 9-б.] 1-класста Алиппени окуп аяктагандан кийинки 3-4-чейректерде жөнөкөйдөн татаалга же жеңилден оорго принцибин сактоо менен жайгаштырылган сөз түркүмдөрүнүн окуу материалдарын жогоруда белгиленгендей, окуучунун практикалык көндүмдөрүн калыптандыргандай максатта окутуп-үйрөтүүнү ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөр бар экендигин профессор С.К. Рысбаев баса белгилеген. Мисалга алсак:

*1-класстагы кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн окутуудан улам күтүлүүчү натыйжалар*

*1-таблица*

| к/н | Теманын аталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1. | Сүйлөм ичинде **ким?** деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси | 1саат |
| 2. | Сүйлөм ичинде **эмне?** деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси | 1саат |
| 3. | Сүйлөмдө **кандай?** деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси | 1саат |
| 4. | Сүйлөмдө **канча? нече?** деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси | 1саат |
| 5. | Сүйлөмдө **эмне кылды? эмне кылып жатат?** деген суроого жооп берген сөздөр, алардын кептеги мааниси | 1саат |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | | |
| Көнүгүү, машыгуу, суроо-тапшырмалар, тесттер, диалог, полилог, баарлашуу, маектешүү өз алдынча чыгармачылык, практикалык иштер, заманбап инновациялык-интерактивдүү технологиялар аркылуу билим, ыкма, билгичтиктерди, турмуштук көндүмдөрдү, функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу менен кеп маданиятына ээ кылуу | | |

«Кыргыз тилин алсак – сөз түркүмдөрү, алардын ар биринин айтылышы – зат атооч, сын атооч, сан атооч – бул морфологиялык түшүнүк, терминдер» [10, 69-бет] гана болуп саналаары анык. Бул жерде мугалим адатка айланган тажатма суроолордон качуусу керек. Мисалы: Зат атооч деген эмне? Сын атооч деген эмне? Сан атооч деген эмне? Этиш деген эмне? ж.б. Алардын эрежеаныктамасын айттырып, жаттатууда окуучуларда эч кандай кызыгуу жаралбайт. Мына ушундан улам, мугалим өзүнүн ишмердүүлүгүн педагогикалык кызматташтыкта инсанга (окуучуга) багыттап окутуу кырдаалында уюштуруусу, алдыңкы заманбап интерактивдүү технологияларды, ыкма, каражат, методдорду, стратегияларды колдонуусу күтүлүүчү натыйжага алып келээри анык. Мисалга алсак:

- оозеки баарлашуу уюштуруу
- диалог, полилог түзүү
- маектешүү, пикир алышуу
- проблемалык суроо-жооптор менен иштөө
- талкуу - дискуссия
- талдоо - салыштыруу

- аныктоо – жалпылоо
- 4 К технологиясы: коммуникативдүүлүк, креативдүүлүк, сынчыл-критикалык ой жүгүртүү, командада иштөө
- Кейс технологиясы
- мультимедиалык-маалыматтык технологияларды колдонуу
- электрондук доска менен иштөө
- сюжеттүү картиналар менен көнүгүү иштетүү
- окуу-дидактикалык материалдар
- окуу-дидактикалык оюндар
- грамматикалык оюндар
- окуу диафильмдер
- слайддарды көрсөтүү
- тексттер менен коштолгон анимациялар
- аудио уктуруулар
- видео көрсөтүүлөр
- ар кыл түстүү түркүн пейзаждык сүрөттөр
- чийме, графика, таблицалар
- ар кыл диаграммалар
- ар кыл кластерлер
- жөнөкөй тесттерди пайдаланып, улам, кайтарым байланыш жүргүзүп отурса, анда, окуучулардын сабакка болгон кызыгуулары артып, жанданышат.

Бул тууралуу педагогика илимдеринин доктору, профессор, Добаев Кыргызбай Дүйшөнбекович «Сабактын негизги милдети – процесске тартуу. Класста салттуу, механикалык жана догматикалык мамиледен баш тартуу абдан маанилүү. Сабак жигердүү кызматташуунун, ар ким өз темпинде иштеген, ийкемдүү көндүмдөрдү алган жана дайыма өзгөрүп турган чөйрөгө айланышы керек. Окуучу качан сабакта активдүү болот? Ал кызыгып жатканда ал окуу процессине катышат» деп, таасын белгилеген [8, 219-б.].

Башталгыч мектептин окуу программасындагы [9, 11-14-бб.]. кийинки класстарында өтүлүүчү кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүнүн төмөндөгү окуу-тематикалык материалдары да дал ушул жогорудагыдай заманбап ыкма, каражаттар, усулдар, методдор, технологиялардын коштоосунда окутулуусу шартка ылайык деп эсептейбиз Мисалга алсак:

*3-4-класстардагы кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн окутуудан улам күтүлүүчү натыйжалар*

*2-таблица*

| Класстары | Окуу материалы | Сааты | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 3-класс | Зат атооч<br>Сын атооч<br>Сан атооч<br>Ат атооч<br>Этиш | 18 саат<br>10 саат<br>9 саат<br>9 саат<br>6 саат | Көнүгүү, машыгуу, суроо-тапшырмалар, тесттер, диалог, полилог, баарлашуу, маектешүү өз алдынча чыгармачылык, практикалык иштер, заманбап инновациялык-интерактивдүү технологиялар аркылуу билим, ыкма, билгичтиктерди, турмуштук көндүмдөрдү, функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу менен кеп маданиятына ээ кылуу |
| 4-класс | Зат атооч<br>Сын атооч<br>Сан атооч<br>Ат атооч<br>Этиш<br>Тактооч | 10 саат<br>7 саат<br>5 саат<br>8 саат<br>5 саат<br>4 саат | Көнүгүү, машыгуу, суроо-тапшырмалар, тесттер, диалог, полилог, баарлашуу, маектешүү өз алдынча чыгармачылык, практикалык иштер, заманбап инновациялык-интерактивдүү технологиялар аркылуу билим, ыкма, билгичтиктерди, турмуштук көндүмдөрдү, функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу менен кеп маданиятына ээ кылуу |

Практикага, чыгармачылыкка багыттап окутуу тууралуу окумуштуу-методист, профессор Д. Шаматов «Мурдагы жаттап алма билимдин зарылчылыгы бара-бара азайып

баратат. Себеби, бизде азыр маалымат технологиялары, анын ичинен интернет кызматтары өтө эбегейсиз тездик менен өнүгүп жатат. Энциклопедиялык билимге мурдагыдай муктаждык жок. Эми балдарды биз эмнеге үйрөтүшүбүз керек? Зарыл маалыматты кантип, каяктан издеп, тапкан соң кантип пайдалануу керектигин үйрөтүүгө тийишпис» [11, 60-б.] деп таамай белгилеген.

**Корутунду.** Кыргыз тили сөз түркүмдөрүнө абдан бай, биздин өз ара сүйлөшүүбүздүн бардыгы сөз түркүмдөрүнүн катышуусу аркылуу ишке ашырылат. Ушундан улам, айрыкча, башталгыч класстарда кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн окутуунун натыйжалуулугун арттыруу менен бул багыттагы илимий изилдөөлөрдү күчөтүү, ар бир сөз түркүмү, алардын ар бир классификациясына, алардын кеп маданиятына ээ болуудагы маани-маңызына арналган фундаменталдуу изилдөөлөрдү ишке ашырууну, сабактын практикалык багытын күчөтүү аркылуу күтүлүүчү натыйжага жетишүүнү алдыдагы милдеттер катары эсептейбиз.

***Адабияттар:***

1. Мусаева В.И. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун дидактикалык принциптери // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2019. – №3 (49). – С. 11-15.
2. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы 1-бөлүм Фонетика жана морфология. – Ф., «Илим» басмасы, 1980. – 539 б.
3. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология – Ф., «Мектеп», 1980. – 236 б.
4. Мураталиева А. Кыргыз башталгыч класстарында этишти окутуунун методикасы. – Б., «Айат», 2005. – 216 б.
5. Чокошева Б.С. Башталгыч класстарда сын атооч сөз түркүмүн окутуунун методикасы. – Б., 2009. – 139 б.
6. Кыргыз тили жана адабий окуунун предметтик стандарты. 1-4-класстар үчүн. – Б., 2022. – 58 б.
7. Башталгыч класстын окуучуларынын функционалдык сабаттулугун өнүктүрүү боюнча класстан тышкаркы ишмердүүлүк / Усулдук колдонмо. USAIDдин «Окуу керемет» долбоору. – Б., 2023. – 144 б.
8. Добаев К.Д. Жаңы мектеп, жаңы багыт, жаңы көз караш. – Б., 2024. – 240 б.
9. Рысбаев С. Башталгыч класстардын программалары. – Б., 2006. – 61 б.
10. Мусаева В.И. Жогорку класстарда илимий стилди окутууда окуучуларды кептик компетенттүүлүккө үйрөтүү // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2015. – №4 (36). – С. 68-75.
11. Шаматов Дүйшөн. Билим – бакыт канаты. – Б., 2022. – 208 б.

***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***